**Баткендин «Кара-Эгизе» чийимташтары: тарыхы, азыркысы жана келечеги.**

Бештин айынын 7-8-де Баткен мамлекеттик университетинде (БатМУ) “Баткендин “Кара-Эгизе” чийимташтары: тарыхы, азыркысы жана келечеги” аттуу жайыл такта (тегерек стол), “Айгүл Тоо” жана “Күзгү Таш” музейлерине жана чийимташтар топтомуна саякат болду.

Жайыл тактада Айгине МИБ адиси Садыр уулу Жумагазы “Айгине МИБ Кыргызстандагы чийимташтары боюнча долбоорлору” деген багытта баяндама жасады.

**Баяндамада берилген негизги ойлор:**

Чийимташтарга илимий киришүү 19-кылымдын аягына туура келет. Бизде, батыш Теңир-Тоодо табылган чийимташтар маалыматын 19-кылымдын 80-жылдары эң алгач Н.И.Веселовский берген. 1890-жылдары В.В.Бартольд Чок-Тал, Чолпон-Ата, Жууку жана Нарында кезиктиргенин жазган. 1902-жылдын жайында жерченер (топограф) Н.Г.Хлудов Көгарт өөрөнүн сүрөткө түшүрүп жатып, атактуу Саймалуу-Ташка жолугат. Ал “ойулардан башка, киши жана малдын сүрөттөрү чегилиптир” деп жазган. Ташкент археология сүйүүчүлөрдүн ийрими Н.Г. Пославский жетегиндеги топту жөнөтүп, ал “миңдеген таштарда аттар, кишилер тартылганын” белгилейт. 1906-жылы аймактаануучу (краевед) Н.Г.Малицкий изилдөө аракетин жасайт.

Кеңеш өкмөтү калыптанып, дээрлик 40 жылдан кийин , 1937-жылы Фрунзе атындагы Кыргыз мамлекеттик пединститу изилдөөгө Б.М.Зима баштаган топту жөнөтөт. Ал Ак-Өлөң (Көл тарапта), Чийим-Таш (Талас тарапта) чийимташтарынын 40 сүрөтүн түшүрүп келген. Кийинки изилдөөнү 10 жыл өтүп, 1946-жылы ал кайрадан уюштурат. Бул изилдөөлөрдүн негизинде Зима кандидаттык диссертация жазып, анда алгачкы коомго көп көңүл бурулган. Бул иштин төмөнкүдөй жакшы жактарын белгилей кетүү керек: аска сүрөттөрү боюнча адабияттар тизмектелген, о.э. этнография, өнөр (искусство), философия маанилери көп колдонулган. Ал эми эмгекте Саймалуу-Таштан 80 гана сүрөт берилген жана ал аймактан алыс жайгашкан топтомдор менен салыштырылган (Карелия, Испания). Баяндамасы көп сөздүү болуп, чийимташтардын мазмуну талданбаган.

Өткөн кылымдын 40-50-жылдары В.И.Рацек жана А.П.Окладников Сары-Жаздагы Ак-Үңкүр ичиндеги боёк сүрөттөрдү (живопись) изилдеп, сүрөттөп, чечмелешет. Сүрөттөр эки түрдө – кызыл жошо жана кара сыя (красная охра, черная тушь) – тартылганын белгилешкен. Жаралуу мезгили, же неолит аягы, коло доорунун башталышы, же эрте орто кылымдарды аташкан. Аныктоо бул усулда жүргүзүлгөн:

1. Ушул аймакта табылган неолит дооруна таандык куралдарга таянып,
2. Теңир-Тоодо эмес, башка жактагы ташка чегилген сүрөттөргө салыштырып.

Адистиги көөнөгер (археолог) эмес, катардагы демилгечилердин чийимташтарды изилдөөдө салымдары чоң болгон. Мугалим-аймак таануучулар Н.Д.Черкасов, В.М.Гапоненко, Ю.Н.Голендухин, А.П.Марьяшев бул жаатында чоң иштерди жасашкан. Н.Д.Черкасов 30 жыл аралыгында Чүйдөгү Чөмүч ГЭСи менен Кара-Суудан, Ысык-Көлдөгү Чок-Тал, Кара-Ой, Чолпон-Ата, Боомдон табылган эстеликтерден Бишкектин №10-мектебинде музей түзгөн. 1956-1957 жылдары В.М.Гопоненко Кыргыз жана Талас кырка тоолоруна окуучулардын жүрүштөрүн уюштурган. 1967-1968-жылдары жай айларында Ю.Н.Голендухин Саймалуу-Ташта иштеген. Бирок, анын “күн саат”, “дыйканчылык жылнаамасы”, “табигый бийик тоолуу обсерватория” деген ой-толгоосу талаштуу. Мугалим Н.Д.Марьяшев археолог М.К.Кадырбаев менен бирге кызыктуу макала жана монография жарыялашат.

Ушул жерден эки жагдайга көңүл бургубуз келет. **Биринчиси**, аска сүрөттөрүн же чийимташтарды изилдеген окумуштуулар негедир Б.М.Зима тарабынан болгону Саймалуу-Таштан 80 сүрөт келтирилген жана салыштыруулар өтө алыс болуп калганы. Ошол “адатты” карматып К.Ташбаева Улан-Батордо жакында (18-19 агус 2023-жыл) жасаган “Саймалуу-Таш чийимташтары байыркы сүрөт гөөхары (эпосу)” баяндамасында “Ригведа” жана “Авеста” гөөхарларында

көрсөтүлгөн каада жана жөрөлгөлөр жазуу чыга электе эле Саймалуу-Таш чийимташтарында чегилген" деген. Бул жерде кайра жергиликтүү чийимташтар башка маданияттын чыгармалары менен салыштырылат. **Экинчиси,** катардагы ышкыбоздордун, мугалимдердин, табият таануучулардын, зыялылардын (интеллигенция) чийимташтарды эл арасында жайылткан алгылыктуу тажрыйбаларын атасак болот.

Жогоруда айтылган биринчи кемчиликтин ордун толтуруу жана улуттук өзгөчөлүктүн дагы бир түркүгү – чийимташтарды улуттук байлык катары бекемдөө үчүн Айгине маданий-изилдөө борборунун кызматкерлери чийме дүйнөсүн оозеки адабият (Манас жана кенже эпостор), өнөр жана көркөм чыгармачылык менен байланыштырышкан. Биз чийимташтар маданиятын улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгүнө айлантууну көздөп жатабыз. Экинчи жетишкендик катары жарандардын демилгелерин дагы тереңдетип, аны кыргыз тилинде таанып, изилдеп, жайылтсак деген изги тилектебиз. Ошондуктан, кесипкөй археологдор "ал адис эмес, тилчи" деп тоготпогон Упула Жусупакматтын эмгегинен кыска котормосун тартуулайдык. Убакытты үнөмдөө максатында тарых илимдеринин кандидаты, "Айгүл-Тоо" тарыхый-маданий музей комплексинин жетекчиси, Абдинаби Кадыров мырзага төмөндөгү кыска маалымат таркатмаларын калтырдык:

1. ***УПУЛА ЖУСУПАКМАТ*** (Лутфулла Джусупакматов) **Түштүк Кыргызстандын чийимташтарынын сүрөтжазуусундагы** (пиктографиядагы) **Жердин байыркы картаүлгүлөрү.** (3 барак)
2. **Чийимташты изилдөөнүн тарыхы.** (3 барак)
3. **Теңир-Тоодогу чийимташтарды түрлөөнүн талапчендери жана негизги баскычтары** (4 барак)
4. **Теңир-Тоо аска сүрөттөрүнүн сыйынуучулук маңызы** (5 барак)
5. **Теңир-Тоо чийимташынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү** (4 барак)
6. **Чийимташтын сыры Жылнаамалар 2022, 2023-жылдар** (Мурдаш-Башы, Терген-Таш, Саймалуу-Таш, Өрнөк, Ала-Баш, Ак-Булуң чийимташтарын касиет иликтөөчүлөр тарабынан түшүндүргөн байандоолор топтому берилген)
7. **Түргөн оозундагы "Кургак-Коо" чийимташтары** (Ак-Булуң айылы, Ак-Суу оодань 2 бет)
8. **Кызыл Чоку – ыйык жай жана батаалгы** (Кызыл-Туу айылы, Тоң ооданы. сүрөттөр менен байандоо 8 бет)

Ошондой эле Садыр уулу Жумагазы Айгине маданий-изилдөө борбору тарабынан чыгарылган "Суунун да сурагы бар" жана Касиеттүү жерлерди жана зыярат ырым-жырымдарын коргоо боюнча улуттук колдонмо китептерин жана өзүнүн "Салт улук" китебин белекке берди. Айгине бүгүнкү күнгө чейин 7 аймактагы 1200дөн ашуун ыйык жерлерди камтыган кыргыз тилинде 7 китеп чыгарды. Көөдөнү сокур болуп калган жергиликтүү аткаминерлер менен жеке кызыкчылыкты көздөгөн айрым кишилердин мазарларга кыйанаттык кылган жосундарына карата Кегети жана Арча мазарларын коргоо бойунча дубан жана оодан жетекчилерине каттар жана байандоолор жөнөтүлгөн.

Иш-чараны уюштурган Борбордук Азия университетинин Маданий мурас жана гуманитардык илимдер бөлүмү. Өнөктөштөр: Баткен мамлекеттик университети (БатМУ), «Айгүл-Тоо» тарыхый-маданий музей комплекси, Курманжан Датка атындагы көчмөндөр цивилизациясы музейи.